Германия Федеративдүү
Республикасынын
Элчилиги Бишкек

Бишкек, 25.06.24

# Жумуш орун жарыясы

Бишкектеги Германия Федеративдүү Республикасынын элчилиги
**2026 жылдын бугу айынын ортосунан баштап**

**тил-котормо кызматы жана саясат бөлүмүнө**
**бир кызматкер издейт**

Кызмат орду декреттик өргүүдөгү кызматкердин ордун убактылуу толуктоо үчүн ачылды. Убактылуу жумуш орду болжол менен 10 айга толук убакыт кызмат орду жана 6 ай жарым убакыт кызмат орду катары бош.

Толук убакыт кызмат орду бир жумасына 40 саат жана жарым убакыт кызмат орду жумасына 20 саат жумуш убактысын билдирет.

**Иш милдеттери:**

- Орус жана кыргыз тилдеринен немис тилине; жана немис тилинен кыргыз, орус тилдерине жазуу жүзүндөгү котормолорду даярдоо
- Элчиликтин жетекчилигин саясий жолугушууларда коштоп жүрүү
- Коомдук иш-чараларда, кабыл алуучу өлкөнүн саясатчылары жана кабыл алуучу өлкө менен өзгөчө жогорку деңгээлде сүйлөшүүлөрдө немис-орус/кыргыз тилдерине которуу (синхрондуу жана ырааттуу)
- Кыргыз/орус тилдеринде катчынын протоколдук жумушун алып баруу.
- Германиядан келген делегацияларды сүйлөшүүлөрдө жана иш-чараларда коштоп жүрүү

**Төмөнкү квалификация жана тажрыйба талап кылынат:**

- Жогорку билим (артыкчылык котормо, колдонмо лингвистика же германистика багытындагы университет диплому же магистр даражасы бар талапкерлерге берилет)
- Ырааттуу, сүйлөшүү жана синхрондук котормочулук чеберчилиги (немис, орус жана кыргыз тилдеринде)
- Кыргыз, орус жана немис тилдерин оозеки жана жазуу түрүндө жогорку денгээлде билүү
- Кыргызстандын жана Германиянын саясий, экономикалык жана маданий абалын жакшы өздөштүргөн
- Командада иштей билген, ишенимдүүлүк, купуяны сактай билген, уюштуруучулук жөндөмү бар жана чыдамкайлуу

Германия Федеративдүү
Республикасынын
Элчилиги Бишкек

Бишкек, 25.06.24

- Жумуш убактысынан тышкары иштөөгө даяр болуу
- Текст менен иштөө программаларын жакшы билүү

**Артыкчылык катары эсептелген квалификациялар:**

- Котормочу катары тиешелүү кесиптик тажрыйба
- Англис тилин жакшы билүү

Арызыңызды төмөнкү документтер менен **15.04.2025 чейин,**

**info@bisc.diplo.de**
**дарегине**

электрондук кат менен гана төмөнкү документтерди тиркеп жөнөтүңүз (тиркемелер PDF форматында гана кабыл алынат, шилтемелер кабыл алынбайт!):

- Кыргыз жана немис тилдеринде арыз, мотивациялык кат
- Таблица түрүндө түзүлгөн резюме, кыргыз жана немис тилдеринде
- Жалпы жарандык паспорттун (ID-картанын) көчүрмөсү
- Квалификацияңызды тастыктаган документтердин көчүрмөлөрү (диплом, эмгек китепчелери, сунуш каты жана немис тилинин деңгээлин тастыктаган дипломдор)

Сураныч, арызыңыздын жалпы көлөмү 3 МБ ашпашы зарыл. Толук арыздар гана каралат. Арызыңыздын кабыл алынгандыгы тууралуу билдирүү жөнөтүлбөйт.

Эскерте кетебиз, сынак тандоосунан ийгиликтүү өткөн учурда, коопсуздук себептеринен улам **медициналык текшерүү** жана **жеке маалыматты текшерүү** жумушка кабыл алуунун шарты болуп саналат. Кыргызстанда жашоого жана иштөөгө уруксат берүүчү документ талап кылынышы мүмкүн (чет өлкөлүк жарандарга).

Тандоодо, кыска тизмеге киргизилген талапкерлер адегенде жазуу жүзүндөгү жөндөмдүүлүк сынагына чакырылат жана 2026-жылдын 27.04.- 30.04. аралыгында катышканга даяр болушу керек. Жазуу сынагынан ийгиликтүү өткөн талапкерлер менен жеке маектешүү өткөрүлөт, анын датасы жөндөмдүүлүк сынагынан кийин белгиленет.

Тилекке каршы, тандоо процессине байланыштуу жол кире чыгымдарын төлөп берүү мүмкүн эмес.

Жеке маалыматтарды коргоо тууралуу тиркелген эскертүүгө көңүл буруңуз.